литературе, театре, музыке манили сюда многих людей. Хозяин дома читал свои новые вещи «Записки об уженье», «Записки оружейного охотника», «Рассказы о разных охотах», небольшие рассказы, сказки для юных читателей. Друзья тепло отзывались о его творчестве, но советовали, чтобы писатель скорее завершил свой давний замысел: написать главную книгу «Детские годы Багрова-внука. Несмотря на болезнь зрением, Аксаков незадолго до смерти заканчивает работу над несколькими рукописями. Это «Семейная хроника» (1856), «Воспоминания» (1856), «Детские годы Багрова-внука» (1858), «Очерк зимнего дня», «Наташа» (1858), ставшие со временем самыми яркими страницами детской литературы. Особенно запоминаются рассказы о днях пребывания в багрово («Зимняя дорога в Багрово»), жизни в Уфе («Зима в Уфе»), «Первая весна в деревне», «Летняя поездка в Чурилово», «Возвращение в Багрово» и др. По справедливому замечанию критиков, последние творения Аксакова показали замечательные образцы романа-книги воспитания. Таким образом, все это вместе взятое говорило о том, что в русской литературе Х1Х века формируется прогрессивная демократическая литература не только для взрослых, но и для детей. В своей книге «Детская литература» (ОШ, 1968) литературовед Р.Г. Мунипов отмечает важную роль названных писателей и С.Т. Аксакова в становлении русской детской литературы, детского чтения [6].

Литература

1.Аксаков С.Т. Собрание сочинений. В 5 тт. – М.: 1966. – Избранные сочинения. – М.: 1982. – Собрание сочинений в 3тт. – М.: 198
2.Аксаков И.С. Очерк семейного быта Аксаковых //АксаковИ.С. Аксаков в его письмах. – М.: 2003. С. 9-20.
3.Андреева М.С. Сергей Тимофеевич Аксаков. К 220-летию со дня рождения. Выставка в школе. – М. 2011.
4.Анненкова Е.И. Творческий путь Сергея Тимофеевича Аксакова // Аксаков С.Т. Собр. соч.: В 3 т. М.: Худож. лит, 1986. С. 3-17. – Ее же: Гоголь и Аксаковы. – Л.: 1983.
5.Войтоловская Э.А. С.Т. Аксаков в кругу писателей -классиков. - Л.: 1982.
6.Мунипов Р.Г. Детская литература. Ош.,1968.

УДК 82-282 https://doi.org/10.56122/..v1i2.184

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
## *ОСОБЕННОСТИ ТВОРЧЕСТВА СЫДЫКА АЛАЙЧИЕВА*
## *FEATURES OF THE WORK OF SYDYK ALAICHIEV*

**Мондошов Шамир Насирович, ОшМПУ, п.и.к., доцент**

**Аннотация**

*Бул макалада кыргыз ырчылары менен төкмөлөрүнүн катарын толуктаган, өз мезгилинде чыгармалары изилденбей, элге жетпей, бирок эл оозунан, кол жазмалар фондунан жана урпактарынан чогултулган баалуу материалдарды тартуулаган, айтыш өнөрүнүн чебери Сыдык Алайчиевдин чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. Акындын ырларынын тематикалары ар түрдүү болуп, ал карапайым элдин мүдөөсүн, ой-тилегин чагылдырат. Мында Сыдык-Бала ырчынын жекече өзгөчөлүктөрү эске алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *төкмө, жазгыч акын, айтыш өнөрү, Бала ырчы, мугалим, илим-билим, эркиндик, жаңы заман.*

*В данной статье речь пойдет о творческих особенностях мастера айтышного искусства Сыдыка Алайчиева, который пополнил ряды кыргызских певцов и литераторов, произведения которых в свое время не были изучены и не дошли до народа, но представили ценные материалы, собранные из народных уст, рукописных фондов и потомков. Тематика*

*стихов поэта разнообразна, он отражает отчаяния простого народа. При этом учитываются индивидуальные особенности ребенка-певца.*

**Ключевые слова:** *кастинг, поэт-писатель, искусство рассказывания историй, ребенок-певец, учитель, наука-образование, свобода, Новое время.*

*This article will focus on the creative features of the master of aitysh art, Sydyk Alaichiev, who joined the ranks of Kyrgyz singers and writers, whose works were not studied at the time and did not reach the people, but presented valuable materials collected from the people's mouths, manuscript collections and descendants. The subject matter of the poet's poems is diverse, he reflects the despair of the common people. At the same time, the individual characteristics of the child singer are taken into account.*

***Key words:*** *casting, poet-writer, the art of storytelling, child singer, teacher, science-education, freedom, New Time.*

Кептин ток этер жерин айтсам, биздин окуу жайда Сыдык Алайчиев боюнча илимий-практикалык конференция өтөт дегенди угуп, чын эле таң калдым. Буга чейин толук маалыматым жок болчу. Кесибиме байланыштуу бул кишинин атын алып жүргөн Кара-Суу районунда бир мектеп бар экенин гана билчүмүн. – Сураштырдым...иликтедим... Көрсө, биз билген эле белгилүү инсандар Акбарали, Батыралы Сыдыковдун атасы экен. Кыргыздар: “Аккан арыктан суу агат”, - деп жөн жеринен айтпаган чыгар. Ушундай уулдарды тарбиялаган Сыдык ырчы да эл ичинде жашаган, чыгармалары менен эл оозунда калган, кадимки кыргыз төкмөлөрүнүн катарын толуктаган, болгондо да кат-сабаты бар жазгыч акындардан экенин адабиятчы, этнограф, Сулайман Кайыпов 1981-жылы жарыкка чыгарган “Эл ырчылары” жыйнагы, 2003-жылы китеп кылып түзгөн филология илимдеринин кандидаты Гулбара Орозованын “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы)” – деген эмгеги, Батырали Сыдыковдун “Өмүр дастаны” (2015) ж.б. материалдар колго тийгенден кийин толук билдим.

Нечендеген кылымдар бою кыргыздын жазма тарыхы болбогондугуна байланыштуу элибиздин улуу тарыхы, адабияты, анда чагылдырылган ой-санаасы, үрп-адаты, салты, дүйнөгө болгон көз караштары элдик оозеки чыгармачылыкта жашап, укумдан-тукумга жетип олтурат. Мындай баалуулуктарды сактап, учугун улап, уютку болуп, аларды улуу мурас катары кийинки муундарга жеткирүүдө манасчы-жомокчулардын, дастанчылардын, акын-ырчылардын кошкон салымы опол тоодой.

Кандай гана доордо болбосун, кайсы гана элдик оозеки чыгармалар жаралбасын, алар эл ичиндеги таланттардын эмгектеринин натыйжасында түзүлүп, өз заманына жараша айрымдары өзгөртүлүп, муундан-муунга жетти Мазмуну, мааниси, салмагы жагынан дүйнөнү таң калтырган көптөгөн эпосторубуз, жомокторубуз, дастандарыбыз жана элдик ырларыбыз дал ошол таланттууларыбыз тарабынан жаралган. Айтайын дегеним, элден чыккан жеке таланттуу адамдар, ырчылар, жомокчулар фольклордун өзөгүн сактап турушат. Бирок фольклордун өзөгүн көпчүлүк эл, жамаат түзсө, ал эми акындардын, төкмөлөрдүн чыгармалары ошол элдик оозеки чыгармалардын негизине сугарылып, андан азыктанат.

Алар элдик рухий байлыкты сактоо менен мазмун жагынан тереңдетип келишет жана бүгүнкү күндө да бул процесс сакталууда. Төкмө ырчыларга караганда кат-сабаты бар жазгыч-акындар өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, кол жазма түрүндө элге жеткиргендиги менен өзгөчөлөнгөн.

Кыргыздын жазгыч-акындары XIX к. аягында, XX к. башында тарыхта белгилүү боло баштаган. Учурунда ар кандай саясий окуялардын таасиринде калып, “эскичил” жана “заманчыл” акын аталып, кыргыз адабиятына салым кошкон жазгыч-акындарыбыз көп болбосо да, манжа менен саноого татыктуулар бар: Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Алдаш Молдо, Бала ырчы Сыдык ж.б.

Тагдырдын ар кандай себептеринен улам булардын чыгармачылыгы тарых бүктөмүндө калып, өз убагында изилденбей, унутта калып, элге жетпей келген. Демек, булардын чагырмачылыгын иликтөө-бүгүнкү күндүн зарыл талабы!

Эми кеп оролу төкмө ырчы Сыдык Алайчиевдин чыгармачылыгы жөнүндө болсун.

“Алайчиев Сыдык – төкмө акын. 1894-жылы Кара-Суу районуна караштуу Кыргыз-Чек айылында туулган. Атасы дыйканчылык менен күн көргөн. Сыдык эски мектептен аздыр-көптүр билим алган. Кийин мугалимдер курсун бүтүрүп, ал кесипте да бир топ жыл иштеген. Атасынан үч жашында, энесинен тогуз жашында жетим калып, эптеп күн көргөн. Жаш кезинен аш тойлордо ырдап, эл арасына “Бала ырчы” деген ат жайылып кеткен. 16 жашынан баштап белгилүү Ботобай ырчыны ээрчип жүрүп таалим алган. Нишан, Арзыбай менен жолугушкан. Алардын айрымдары менен эл алдында айтышып ырдашкан. Барпы Сыдыкка: “Укканымча бар экен, тарбиялап өстүрсө, боло турган жан экен” деп баа берген. Ошондо Сыдык он сегиз жашта болучу. Сыдыктын чыгармачылыгы Октябрь ревалюциясы жеңгенден кийин жаңы мазмун, жаңы темага ээ болду. Жаңы заман, теңчилик анын демине дем берип, чыгармачылык шыгын арттырды. Анын Ленин, Партия, Мекен темасындагы ырлары өтө арбын”. 1.130

Ушундай кыска жана нуска айтылган акындын өмүрүнөн төмөнкүлөрдү байкоого болот. Биринчиден, жаш кезинен эле калың журтка атагы чыккан, залкар-төкмө ырчылар менен жолугушуп, алар менен чыгармачылыкта аралашып жүрүп, алардан төкмөлүк – ырчылык өнөрдүн өзөгүн, таалимин алган. Ал өзүнүн устатф Ботобай ырчы аркылуу Барпыга жолугуп, аш-тойлордо, эл чогулган жыйындарда ырдап жүргөн. Ал мезгилди бүгүнкүгө салыштырып болбойт. Тойдун көркүн өнөр адамдары ачкан. Талантынын таасири менен үстүнө кийгенге тон, мингенге ат (улоо) алышкан, бул кадимкидей эле талантты баалоонун жолу болгон. Колунда бар байларды мактап, даңазасын даңктап ырдашкан. Бул эл ичинде салтка айланган эле көрүнүш. Азыркы күндө да ырчы-чоорчулар, төкмөлөр төргө өтүп, мактоо ырларын аткарышууда, анын эмнеси бар экен! Чын эле элге кылган эмгеги болсо, ал мактоого татырлык болсо, мактасын. Улуу Октябрь социалисттик ревалюциясынан кийин бай-манаптар кулакка тартылып, сүргүнгө айдалганда, айрым акындар саясаттын кулу болушуп, аргасыздан багытын өзгөрткөн. Советтик идеологиянын күчү менен чыгармачылыгында бурулуш болгон. Бирок, Бала ырчы залкар ырчылардын жолун улап, акындык өнөрдүн салтын сактаган, кошоматчылык кылып ырдабай, өз маалында ачуу чындыкты айтып сындаган. Буга “Тойдогу ыр” аттуу ыры мисал боло алат.

Мансур болуш той кылды,
Мартабасын зор кылды.
Байгесине алгын деп,
Байлаттырды чобурду.
Тамашасын көрүүгө,
Түмөн журтум чогулду.
Кедейден тартып союлду.
Өткөрбөй койсоң болбойбу
Ошондон көрө тоюнду?
Кембагалды какшаткан
Көрдүм арам тоюнду.

Экинчиден, ал – кат тааныган, жаза билген билимдүү акын. Ошон үчүн 1927-1952-жылдарда алгачкы мектептерде мугалим болуп иштеген. Натыйжада анын чыгармаларынын тематикасы да ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Жаратмандыктын күчү менен төгүп ырдай алган десек жаңылышпайбыз.

Бала ырчы эки доорду – Октябрь ревалюциясына чейинки жана андан кийинки советтик доорду көргөн акын. Ал жаштайынан зирек, баамчыл, ак караны, ачуу-таттууну ажырата билген жан эле. Ата-энесинен эрте жетим калган ырчы жокчулук менен жалчылыктын азабын тартты, турмушка эрте аралашты. Жаңы замандын келиши Сыдыкка окшогон карапайым калктын мүдөөсү болчу. Жалпы элдин көз карашын, үмүт-тилегин ыр менен, болгондо да жаңы мазмун менен берүү – акындын чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөрдүн бири.

Заманына жараша аш-тойлордо, маарекелерде бай-болуштарды мактап ырдады, жакпагандарын, элдин эсебинен өткөргөн тойлорун жектеп ырдады, бирок бир нерсеге көзү

жетти: бу байлар элди ойлобой, байлык менен бийликти, жанбакты менен мансапты гана эңсей турганына көзү жетти. Ал кезде жараткан ырларынын көбү бизге жетпей калды. Демек, жаңы заман анын шыгын ойготуп, чыгармачылыгына дем берди. Анын “Ленин”, “Жол башчыбыз партия”, “Эркиндик”, “Жаңы заман” аттуу ырлары буга далил болот. Өзүнүн “Эркиндик” деген алты сап ырында менен кедей менен байдын тагдырын таамай айткан.

Эркиндиктин нуруна
Эл, жерим түгөл чөмүлдү,
Кайгыны айдап унутуп,
Кубаныч ээлеп көңүлдү.
Байларга чындап кеч кирип,
Кедейдин таңы сөгүлдү.

Тарыхый маалыматтарда белгилүү болгондой кыргызда аз гана сандагы акындар жазуу жана окуу сабаттуулугуна ээ болушкан. Сыдык ырчы сабаты бар адамдардын катарынан орун алган. А кезде сабаттуу адамга “молдо” эпитетин кошуп айтчу, бирок Сыдык жаш кезинен ырчылык-төкмөлүккө ыктаганы үчүн ага “ырчы”, “акын” сөздөрү эл тарабынан ыйгарылды. Анын билимдүү болушу мектепте мугалим болуп иштөөсүнө түрткү берди. Негизгиси, билимсиз дүйнө караңгы, ошон үчүн:

“Кары-жашы баарыңар,
Кагаз, калем алыңар.
Караңгылыктан арылып,
Как маңдайың жарылып,
Бактылуу болуп калыңар; - деп элди билим алууга үндөйт. 1.141-бет

Бала ырчынын дагы бир табышмактуу сыры – кимдерден окуп билим алгандыгы жөнүндө маалыматтын жоктугу. Акынды уулу, коомдук ишмер, философия илимдеринин доктору Батыралы Сыдыков өзүнүн “Өмүр дастаны” (2015) аттуу эскерме эмгегинде мынтип айтканы бар:

Ал кезде жапжаш бала элем,
Акындар менен басканмын.
Ырым менен басмырлап,
Бирөөгө катуу айтпадым.
Көөнүмө жакпай негедир,
Ырчылыкты таштадым.
Мугалим болуп балдарга,
Сабак бере баштадым. (3, 13)

А балким акынга ырчылык өнөрдөн көрө мугалимдик кесип ардактуу сезилгендир. Анын ырларында илим-билим жөнүндө мыкты асыл ойлор камтылган. Буга далил келтирейин:

Билимдүүнүн көзү курч,
Билимсиздин сөзү курч.
Билимдүү келет алыстан,
Билимсиз чыкпайт жарыштан.
Билимдүү сүйлөйт узун кеп,
Билимсиз болсо тузу жок.
Билимдүү көздөйт ыраакты,
Билимсиз кайдан ыраакы?
Билимдүү ою чоң нуска,
Билимсиз ою эң кыска.
Ошон үчүн, гүл жаштар,
Өмүрдү бошко кетирбе.
Окуп билим-илим ал,
Обу жок жерден элирбе!

Сыдык ырчы “Ликбез жөнүндө ыр” деген ырындагы акыркы сабында:

Ошон үчүн туугандар,
Ликбезге кирип окуңар.
Ыраакты көрүп жакындан,
Ыравшан күйөт отуңар.-деп бүтүрөт.

Мүмкүн Бала ырчы ликбезден билим алган чыгар, тарыхый маалыматты такташ керек. Мугалимдик кесипти өтө сүйгөндүктөнбү, айтор алты уул, бир кызын мугалимдикке окуткан экен. Билим берүүгө сиңирген эмгеги үчүн “Ардак белгиси” ордени, “Эл агартуунун мыктысы” наамдары менен сыйланган.

Совет доорунда коммунистик идеологиянын таасири менен динге болгон элдин ишенимин жокко чыгаруу саясаты, б.а. атеизм катуу жүргүзүлгөн. Өмүрүнүн тең жарымын агартуу тармагына арнаганы менен, Сыдык ырчы бир да ырында динге каршы үгүттөп акаарат сөздү айтпаптыр, бул көрүнүштү да анын өзгөчөлүгү катары түшүнсөк болот. Эртеби-кечпи элдин мусулманчылыктан кайтпастыгын, динге каршы күрөшүү убактылуу гана көрүнүш экендигин алдын ала билген адам.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе – кичинесинен зирек өскөн акын эл чогулган жерлерде ырдап, эл оозуна эрте алынгандыгы. Ошондой аш-тойлорун бирине Курманжан датканын уулу Мамытбекти кошуп ырдап, ага ыры жагып, кымкап чепкен жамынат. Өнөрүнүн аркасы менен атактуу Датка энебизди көрүп, колунан даам сызган экен.

Демек, Курманжандын үй-бүлөсү, балдары менен карым-катышта болуу, алар менен сырдашып, сыйлуу жерлерде чогуу жүрүү – шыгына – шык кошуп, акындын дареметине дем берген. Тарыхта мындай туз насип Молдо Кайып, Кулмырза акындарга да буюрган.

Сыдык ырчынын акындык чеберчилигине тун уулу Акбаралинин кан досу, педагогика илимдеринин доктору, профессор, чыныгы методист-илимпоз Бектурсун Алымовдун берген баасы менен оюмду жыйынтыктасам.

Окумуштуу минтип жазат: “Мен Сыдык Акындын ырларын өз оозунан далай жолу уктум. Ар бир ыры камчынын өрүмүндөй жымылдап, эргип айтылып, эркин уйкашып, бири экинчисине куюлушуп турчу. Сыдык Алайчы уулу ырдап жатканда Барпы акесиндей колуна комуз алган жан эмес. Дал ошол улуу акындай кайда менен ырдап, ойду бөлүп жарбай, айтылчу ойдун аягына чыкмайынча нөшөрлөтүп төгө берчү. Бул кайда менен ырдоодо ал Барпыдан кем эмес ийгиликке жеткен” - деп баа берген. 3.17

Албетте, алдыда Сыдык Айлайчиевдин чыгармаларын тереӊ талдап, тилдик өзгөчөлүктөрүн изилдей турган мезгил турат. Бул боюнча илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, диссертациялык иштерди коргоо - келечектин талабы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Эл ырчылары” жыйнагы. Түзгөн: С.Кайыпов., Фрунзе, “Кыргызстан” – 1981.
2. Г.Орозова., “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы).,”
3. Б.Сыдыков “Өмүр дастаны”., Б – 2015.
4. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, - Б.: 2004
5. https://muras.turmush.kg/unews/un_post:2543